| | |
|---|---|
| ТалМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, жактырылды<br>Протокол № 11<br>«25» июня 2025-ж. | БЕКИТЕМИН<br>ТалМУнун ректору техн.и.д., профессор Ж.С. Шаршембиев<br>______________<br>«25» ______ 2025-ж. |

# ТАЛАС МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН КОЛЛЕДЖДЕРИНИН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮН ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

# ЖОБО

Талас – 2025

## 1. **Жалпы жоболор**

1. Бул ЖОБО Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 22-майындагы № 258 токтомун, ошондой эле кесиптик билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык келтирүү максатында иштелип чыкты.

2. Талас мамлекеттик университетинин колледждеринде (мындан ары – ТАЛМУ колледждери) кесиптик орто билим берүү программасын аяктаган бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо милдеттүү түрдө жүргүзүлөт.

3. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо ТалМУнун колледждеринин мамлекеттик аккредитациясы бар адистиктеринде өткөрүлөт жана анын жыйынтыгы боюнча бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик үлгүдөгү документ берилет.

4. Аккредитациясы жок билим берүү программаларында билим алган студенттердин мамлекеттик үлгүдөгү диплом алуу укугу башка мамлекеттик аккредитациядан өткөн колледждер аркылуу камсыздалат.

5. Ар бир адистик боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону өткөрүү үчүн мамлекеттик аттестациялык комиссиянын (мындан ары -МАК) курамы түзүлөт. МАК бир календардык жылдын ичинде иш алып барат.

6. МАК өз ишинде ушул Жобону, тиешелүү адистиктер боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарын жана ТалМУ колледждери иштеп чыккан окуу-методикалык документтерди жетекчиликке алат.

## 2. Жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактардын түрлөрү

7. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо төмөнкү аттестациялык сынактардан турат:
1) өзүнчө дисциплина боюнча жыйынтыктоочу экзамен;
2) адистик боюнча дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу экзамен;
3) бүтүрүүчү квалификациялык ишти (БКИ) коргоо.

8. Өзүнчө дисциплина боюнча жыйынтыктоочу экзамен студенттин окуу программасын өздөштүрүү деңгээлин жана мамлекеттик стандартта каралган минималдуу мазмунду өздөштүрүүсүн аныктоо үчүн өткөрүлөт.

9. Бүтүрүүчү квалификациялык иш (дипломдук иш/долбоор) — бүтүрүүчүнүн кесиптик милдеттерди чечүүдө теориялык билимин системалаштырууну жана практикалык жөндөмүн көрсөтүүнү максат кылат.
1) Темалар ТалМУ тарабынан кабыл алынган талаптарга ылайык бекитилет.
2) Бүтүрүүчү өзүнүн темасын сунуштоого укуктуу.
3) Ар бир БКИге жетекчи жана консультант дайындалат.

10. Аттестациялык сынактардын түрлөрү жана көлөмү кесиптик орто билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары менен аныкталат. Алар орто аралык аттестациялар менен алмаштырылбайт.

11. Экзамендик программалар, БКИге талаптар жана баалоо критерийлери ТалМУнун колледжинин педкеңешинде талкууланып, директор тарабынан бекитилет.

## 3. Мамлекеттик аттестациялык комиссиялар

12. МАК Кыргыз Республикасынын билим берүү мыйзамдарын, ушул Жобону жана ТалМУнун колледждеринин окуу-методикалык документтерин жетекчиликке алат.

13. МАКтын негизги функциялары:
- бүтүрүүчүнүн даярдыгы мамлекеттик стандарттарга шайкештигин аныктоо;
- квалификация ыйгаруу жана тиешелүү үлгүдөгү документ берүү жөнүндө чечим кабыл алуу;

- адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

14. МАКтын төрагасы бүтүрүүчүлөрдүн профили боюнча иш берүүчү мекемелердин өкүлү же профили боюнча илимий даражасы бар адис болууга тийиш. Ал ТалМУда иштебеген адам болушу милдеттүү. Бир эле адам эки жылдан ашык төрага боло албайт.

15. МАКтын курамы ТалМУ колледжинин окутуучуларынан жана башка мекемелерден чакырылган адистерден түзүлөт. Курамы жана төрагасы ТалМУнун ректору тарабынан бекитилет.

## 4. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону өткөрүү тартиби

16. Аттестациялык сынактарды өткөрүү шарттары экзамен башталганга чейин 6 ай мурда студенттерге жарыяланат. Бүтүрүүчүлөргө консультациялар жана даярдык үчүн шарттар түзүлөт.

17. Өзгөчө кырдаал же өзгөчө абал шарттарында аттестациялык сыноолор аралыктан билим берүү технологиялары аркылуу онлайн режиминде өткөрүлүшү мүмкүн. Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары болгон бүтүрүүчүлөр үчүн күтүлбөгөн кырдаалдар пайда болгон учурда жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо ушул Жободо каралган жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону өткөрүүнүн бардык жол-жоболорун сактоо менен аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен онлайн режиминде өткөрүлүшү мүмкүн.

18. Дисциплиналар аралык экзаменге жана БКИ коргоого бардык дисциплиналарды ийгиликтүү аяктаган студенттер гана киргизилет. Өзүнчө дисциплина боюнча экзамен окуу аяктаганга чейин өткөрүлүшү мүмкүн.

19. Аттестациялык сынактар МАК мүчөлөрүнүн 2/3инен кем эмес катышуусу менен ачык жыйналышта өткөрүлөт.

20. Баалоо "эң жакшы", "жакшы", "канааттандырарлык", "канааттандырарлык эмес" деген деңгээлдерде жүргүзүлөт жана натыйжалар ошол эле күнү жарыяланат.

21. МАКтын чечими жабык жыйналышта жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат. Добуш тең чыккан учурда төраганын добушу чечүүчү болуп саналат.

22. Бүтүрүүчү бардык аттестациялык сынактарды ийгиликтүү тапшыргандан кийин квалификация алууга жана диплом алуу укугуна ээ болот.

23. Бардык экзамендери "жакшы" жана "эң жакшы", БКИси "эң жакшы", GPAсы 3,75тен төмөн эмес бүтүрүүчүлөргө артыкчылык (кызыл) диплом берилет.

24. Жүйөлүү себептер (документ менен ырасталган медициналык же үй-бүлөлүк жагдайлар) боюнча аттестациялык сыноолорго катышпаган бүтүрүүчүлөргө колледжден чыгарбастан бир жолу кайра тапшыруу укугу берилет. МАКтын кошумча жыйналыштары колледж белгилеген тартипте өткөрүлөт. Аттестацияны кайра тапшыруу биринчи аракеттен кийин 3 айдан эрте эмес жана 5 жыл ичинде жүргүзүлөт. Баа жогорулатуу максатында кайра тапшырууга жол берилбейт.

25. Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик аттестациясынын жыйынтыктары МАК төрагаларынын жазуу отчеттору боюнча колледждин педагогикалык кеңешинде каралат. Протоколдор жана отчеттор ТалМУнун архивинде сакталат. МАКтын отчеттору жана сунуштары аттестация бүткөндөн кийин эки ай ичинде Окуу бөлүмүнө электрондук түрдө тапшырылат. Зарыл учурда Окуу бөлүмү отчеттордун түп нускасын талап кыла алат.

26. ТалМУ колледждериндеги МАКтын ишин мониторинг жүргүзүү окуу бөлүмү тарабынан ишке ашырылат.

## 5. Жыйынтыктоочу жоболор

27. Ушул ЖОБО Талас мамлекеттик университетинин колледждеринде жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону уюштуруу жана өткөрүүнүн негизги

ченемдик документи болуп эсептелет жана ТалМУнун тиешелүү ички буйругу чыгарылган учурдан тартып күчүнө кирет.

28. Жободогу өзгөртүүлөр жана толуктоолор педагогикалык кеңеш тарабынан сунушталып окумуштуулар кенешинин чечими жана ректордун буйругу менен киргизилет.

29. Жободо каралбаган маселелер Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын жана мамлекеттик жалпы талаптардын негизинде чечилет.

30. ТалМУ колледждеринин окутуучулары, кызматкерлери жана студенттери ушул Жободо белгиленген эрежелерди сактоого милдеттүү.

31. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо процессин уюштурууда этика, академиялык адилеттүүлүк, объективдүүлүк жана ачык-айкындуулук принциптери сакталууга тийиш.

**МАКУЛДАШЫЛДЫ:**

| | |
|---|---|
| ОИ иштер боюнча проректор, ОУКтун төрагасы | А.К.Сурапов |
| Окуу бөлүмүнүн башчысы | Г.Ж.Турсалиева |
| Педагогикалык колледждин директору | А.А.Кумашова |
| ГЮКтун директору | А.Ж. Шакиева |
| АБжТКнын директору | Ж.Т.Ташматова |
| МТТжЭКтин директору | Л.А.Сатаева |